КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ
XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН
XVII- СЕССИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
XVII СЕССИЯ XXVIII
СОЗЫВА

# ТОКТОМ

**2023-жылдын 21-февралындагы № 10 Тамга айылы**

**Кускакбаев Батабек Дордошевичти Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим” наамына сунуштоо жөнүндө**

Тамга айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин көркөм өнөр, технология сабагынын мугалими Кускакбаев Батабек Дордошевичти Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим” наамына сунуштоо боюнча Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин мүдүрү А.Букаровдун сунушун айылдык кеңештин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Тамга айылдык кенеши **токтом кылат:**

1. “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыктары жана ардак наамдары жөнүндөгү” 2017-жылдын 28-июлундагы № 157 Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, Тамга айыл аймагындагы айыл өкмөтүнүн Тосор жалпы орто билим берүү мектебинин көркөм өнөр, технология сабагынын мугалими Кускакбаев Батабек Дордошевичтин 1993-жылы Жети-Өгүз районунун “Жыл мугалими” конкурсунун II-даражадагы диплому жана акчалай байгеси жана 2000-жылы Бишкек шаарындагы Октябрь районунун «Жыл мугалими» конкурсун диплому жана байгесин жеңип алгандыгын, 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин “Ардак грамотасы”, 2004-жылы “Эл агартуунун отличниги” төш белгиси, 2021-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин “Ардак грамотасы” менен сыйлангандыгын эске алуу менен **Кыргыз Республикасынын “Ардактуу мугалим”** наамына сунушталсын.
2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу агенттигинин расмий веб-сайтына жайгаштырылып, юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн жиберилсин.
3. Токтомдун аткарылышын камсыздоону айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго, социалдык маселелер боюнча комиссияларына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Букаров**

Жиберилди: иш кагаздарга-1. Тамга а/ө -1. Юстиция башкармалыгына - 2